*Нуракова Жыпар Шермаматовна,*
*Кыргыз билим берүү академиясы,*
*аспирант,*
*Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары*

# МЕДИЦИНА ТАРМАКТАРЫНДА ОКУГАН СТУДЕНТТЕРДИН АНГЛИС ТИЛИ БОЮНЧА ЖАЗМА КЕП КӨНДҮМДӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУГА КАРАТА ТҮЗҮЛГӨН КООМДУК-СОЦИАЛДЫК МУКТАЖДЫКТАР

*Нуракова Жыпар Шермаматовна,*
*аспирант,*
*Кыргызскоая академия образования,*
*Кыргызская Республика, город Бишкек*

# СОЦИАЛЬНЫЕ ПОТРЕБНОСТИ СТУДЕНТОВ-МЕДИКОВ В ФОРМИРОВАНИИ ПИСЬМЕННЫХ НАВЫКОВ НА АНГЛИЙСКОМ ЯЗЫКЕ

*Nurakova Zhypara Shermatovna,*
*Postgraduate student,*
*Academy education of Kyrgyzst,*
*Kyrgyz Republic, Bishkek city*

# SOCIAL NEEDS OF MEDICAL STUDENTS IN THE FORMATION OF WRITING ENGLISH SKILLS

***Аннотация:*** *Макалада медицина тармагында окуган студенттердин англис тили боюнча кептик көндүмдөрүн калыптыруунун зарылдыгы талдоого алынат. Ал азыркы коомдук түзүлүштүн талаптарын эске алуу менен рыноктук мамиледе пайда болгон коомдук-социалдык муктаждыктардын келип чыгыш себептерин аныктоо аркылуу чечмеленет. Конкуренцияга туруштук берүү үчүн медициналык кесиптик билим берүүнүн кыргыз жергесинде түзүлгөн кырдаалдар менен дүйнөлүк кесиптик билим берүүнүн маселелери жалпы каралат. Атаандашуучулукту эске алуу шартында англис тилин окутууга байланышкан бир катар зарылдыктар компетенцияга түшүндүрүлөт. Маселе медицина багытта кесиптик билим берүүнүн муктаждыгында турган абалдан келип чыккан Кыргызстандагы кырдаалдын өзөктүү проблемаларын эске алуу менен аныкталып, анын англис тилин үйрөнүүгө тиешелүү болгон коомдук муктаждыктардын чегинде мисалдар менен ачыкталат.*

***Аннотация:*** *В статье анализируется необходимость формирования разговорных английских навыков для студентов-медиков. Он интерпретируется путем выявления причин возникающих социальных потребностей в рыночных отношениях с учетом требований существующей социальной структуры. Чтобы выдержать конкуренцию, в целом будет рассмотрена текущая ситуация с медицинским профессиональным образованием в Кыргызской Республике и вопросы мирового профессионального образования. Компетентность понимает ряд потребностей, связанных с преподаванием английского языка в конкурентной среде. Проблема определяется в контексте текущей ситуации в Кыргызстане, которая возникает из-за необходимости профессионального обучения в области медицины, и проиллюстрирована примерами в рамках социальных потребностей изучения английского языка.*

***Annotation****: The article analyzes the need for the formation of spoken English condoms for medical students. It is interpreted by identifying*

*the causes of emerging social needs in market relations, taking into account the requirements of existing social structure. In order to withstand competition, the current situation with medical professional education in the Kyrgyz republic and issues of world professional education will be generally considered. Competence understands a range of needs related to teaching English in a competitive environment. The problem is definite in the context of the current situation in Kyrgyzstan, which arises from the need for professional training in the field of medicine, and is illustrated with examples within the social needs of leaning English.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *медицина тармагы, кесиптик билим берүү, тил үйрөтүү, англис тилин окутуу, кептик көндүмдөр, педагогика, рынок мамилеси, компетенция, мамлекеттик стандарт, конкуренция ж. б.*

***Ключевые слова:*** *область медицины, профессиональное образование, обучение английскому языку, речевые навыки, педагогика, рыночная проблема, компетенция, языковое обучение, государственный стандарт, конкуренция и т.п.*

***Key words:*** *field of medicine, professional education, teaching English, speech skills, pedagogy, market problem, competence, language leaning, state standard, rivalry and etc.*

**Киришүү.** Кыргызстандагы медицина тармагын дүйнөлүк медицинанын бир бөлүгү катары кароо түшүнүгү күн өткөн сайын күчүнө кирип бара жатат. Анткени жер үстүн каптаган түрдүү ооруларга баа берүү жумуштары өлкө аймагынан чыгып, эл аралык деңгээлде аныкталган жол-жобо менен дарылоо керектиги улам убакыттын өтүшү аркылуу далилденип жатат. Ооруну дарылоого карата мамиленин мындай мазмунга келиши Кыргызстандагы медицина кызматкерлеринин билимине карата коюлган талаптарды кеңейтип, бир мезгилде орус тилинде гана өздөштүрүлүп жаткан маалыматтык базаны эл аралык тилдер менен толуктоо керектигин ачыктады. Ырас айрым оорулар өзүнүн белгилерин сактап, аны айыктыруу методикасы мурдагы жол-жобо менен ишке ашырылып жаткан болсо, адам экологиясынын бузулушунан улам жыл өткөн сайын жаңы оорулар пайда болуп, аны айыктыруу үчүн Кыргызстандык медицина кызматкерлерине башка улуттарда иштелип чыккан методиканы үйрөнүү маселеси күн тартибине коюлуп, проблеманы талапка ылайык чечүү үчүн орус тилинен тышкары эл аралык коммуникацияны жүзөгө ашырган англис тилин билүү зарылдыгы түзүлдү. “Тил билүү – дил билүү дегендей” болочок адис тил билсе ар бир элдин маданиятына кызыгат, үйрөнүүгө далалат кылат жана жаш муунду эл аралык коммуникацияларга үйрөтөт [5, 161-б]. Ал медицина багытында окуп жаткан азыркы студенттердин билиминин сапатын жогорулатууга түздөн-түз катышы бар экенин билдирүү менен бирге аталган кесиптин илимий деңгээлин бүгүнкү күндүн талабына жеткирүү кызыкчылыгына айланып, кесиптик билим берүүдө англис тилине карата окуу жана окутуу жумуштарын жаңылоо милдеттерин койду. Экинчи жагы, өлкөнүн жарандары түрдүү оорулардан сакайыш үчүн өлкөдөн тышка чыгып дарыланышып, барган жеринен кантип дарылаганы боюнча “оорунун таржымалын” жаздырып алып келиши, Кыргызстандык ак халатчандарга аны окуп түшүнүү үчүн да англис тилин билиши керектигин көрсөттү. Ички жана сырткы муктаждыктан пайда болгон мындай абал медицина кызматкерлерине англис тилин билүү зарылдыгын кесипкөйлүктүн бир белгиси катары аныктап жаткан маалда аны рыноктук мамилелерге ылайыкташтыруу, б.а. кыргыз медицинасын эл аралык конкуренцияга туруштук берип, өлкө жарандарынын ден солугун дарылоодо маалымат алмашуунун негизги булагындай өздөштүрүү медицина боюнча кесиптик билим берүүгө жаңы талаптарды көтөрүп чыкты.

**Изилдөөнүн милдети.** Аны сөзсүз билүү керектигин түшүнүп өз алдынча түрдүү курстардан бул багыттагы билимин өркүндөткөн медицина кызматкерлери Кыргызстанда жетиштүү эле. Бирок өлкө боюнча медицина тармактарындагы кесиптик билимди жогорулатуу, аны эл аралык мамиледе көрүнчү конкуренцияда туруштук бере алган деңгээлге жеткирүү миссиясы [1] адистикке тарбиялоочу компетенцияларды аныктоодо

стандартта белгиленген натыйжага жетүүнү ишке ашыруучу окуу планына кирген дисциплиналардын бири катары англис тилин коомдук-социалдык чөйрөнүн талаптарын толук канааттандыра билүү кызыкчылыгына ылайыктап окутуу маселеси ар бир жогорку окуу жайдын милдетине кире турганын айкындады. Себеби окуу жай даярдаган медициналык кызматкерлер кайда барып иштебесин өз адистигине тиешелүү төмөнкүдөй муктаждыктар турганын сезишет:

1) Кесиби боюнча билимин өркүндөтүп туруусу үчүн өлкөнүн кайсы жеринде болбосун интернет булактары аркылуу жаңы маалыматтарды алып турууга тийиш, аны биринчи илимий булактардан окуп-билүү маселеси врачтарга да, медициналык орто кызматкерге да англис тилин милдеттүү өздөштүрүүнү кесиптик компетенциясы катары түшүндүрүүгө жетишти;

2) Азыр өлкөгө өнүккөн мамлекеттер таап чыккан жаңы технология – компьютердик томография (КТ), ултра үн менен диагноздоочу (УЗИ) аппараттар сыяктуу медициналык каражаттар аркылуу оорусыркоону аныктоо менен бирге аны жергиликтүү жарандарга которуп түшүндүрүү маселесин да врачтар менен орто медициналык кызматкерлерге жүктөшү алардын англис тилинде жазылган маалыматтарын кыргыздын карапайым элине жеткирүүгө компетенттүү болушу керектигин аныктады;

3) Медицинанын кайсы тармагында эмгектенбесин өзүнүн алган багыты боюнча белгилүү деңгээлде зарыл болгон маалыматтардан кабардар болуу менен бирге бейтапты жеңил айыгуусуна тикелей көрсөтүүчү дарыдармектерин окуп түшүнө билүүгө карата зарылдыктын түзүлүшү англис тилинде сүйлөп жибербесе да, кесиптик лексика менен терминдерди так ажыратып, сөзмө-сөз которо албаса да маанисин айырмалоочу түшүнүккө ээ болуусун талап кылды;

4) Башка тармактардай эле медицина илиминин бардык өлкөлөрдө өз алдынча өнүгүүсү менен бир ооруга карата бир нече принципте мамиле этүүнүн жол-жобосу дарылоонун ар түркүн жолдорун сунуштап, анын негизинде бир диагнозго көптөгөн дарыны сунуштоосу фармакология илимин модернизациялоого жол ачып, ал эми колдонуу эрежелери аны чыгарган өлкөнүн жергиликтүү тилинде берилсе да, башка өлкөлөргө жайылтуу иштери дээрлик англис тилинде жүргүзүлүшү врачтар жана орто медициналык кызматкерлердин бул тилге болгон муктаждыгын арттырды;

5) Коомдук-социалдык чөйрөгө компьютердик технология кирип, маалымат булактары бардык мамлекеттерге жеткиликтүү болгон сайын бардык кесиптер боюнча аныкталган көз караштар тездик менен “эскирип”, бардык маселеге инновациялык ык-усулдарды колдонуу кызыкчылыгы күн сайын жогорулай баштаган болсо, андай көрүнүш медицина тармактарын да өз кучагына алып, анын натыйжасында кыска мөөнөттүк курстар аркылуу билимин жогорулатуу зарылдыгы эл аралык чен-өлчөмдөгү сертификаттарга ээ болуу талабын врачтар менен орто медициналык кызматкерлер арасында англис тилине карата жаңы муктаждыктар бар экенин көрсөттү;

**Изилдөөнүн максаты.** Медицина кызматкерлерине карата түзүлгөн мындай коомдук-турмуштук талаптарды аткаруу кесиптик билим берүүгө тике жана кыйыр түрүндө жүктөлгөндүктөн, бардык шартта конкуренцияга туруштук берүүчү адистерди окутуп, кесипкөй кылып тарбиялоо жумуштарын так, ошондой эле сапаттуу аткаруу үчүн окуу стандарттарын аныктап, окуу пландарына киргизилген англис тили боюнча окуу программаларынын мазмунун кайрадан карап чыгуу зарылдыгы көтөрүлдү. Ал кесипкөй болууга умтулган адистин жеке муктаждыгында турган маселе сыяктуу көрүнгөнү [2] менен жалпы медицина кызматкерлеринин кызыкчылыгынан алганда мамлекеттин аброюна тикелеш катышы проблеманы жогорку сапатта ишке ашыруу өлкөнүн вазыйпасында турган жумуш экендиги аныкталып, ага тиешеси бар жогорку жана адистештирилген орто кесиптик медициналык билим берүүчү окуу жайлар англис тилинде окутуунун мазмунун түзүүдө жогоруда аталган муктаждыктарды жоюу максатында мүмкүн болушунча дүйнөлүк билим берүүдө жакшы натыйжаларга жеткен педагогикалык технологиялар-

дын жаңычыл ык-усулдарын даяр түрүндө пайдалануу Кыргызстанга керек болуп турганын ачыктады.

Ал муктаждыкты тез арада жөнгө салуу аракети медицина тармактары боюнча кесиптик билим алып жаткан студенттердин англис тилин толук өздөштүрүп жиберүүсүн камсыз кылышы мүмкүн эместиги белгилүү. Бирок бул маселе Кыргыз Республикасында жаңыдан көтөрүлүп жатканы менен бул сыяктуу идеяларды толук ишке ашырып, аны кесиптик билим берүү системасына киргизүү зарылдыгын түзүп турат. Анткени, мамлекеттеги башка тармактардай эле медицина өлкө жарандарынын социалдык муктаждыгын так жана туура чечиши керек. Аны талаптагыдай жөнгө салуу үчүн азыр коомчулукта аныкталып жаткан татаал проблема экени жашыруун эмес. Анын өзү Кыргызстанда кесипке тиешелүү социалдык керектөөлөр менен медициналык тармактарда жүрүп жаткан бардык жумуштарга кадимки эле күндөлүк керектөөдөн баа берип, ага жетишпей турган адистик көндүм-касиеттерди кесиптик билим берүү аркылуу ишке ашыруу да азыркы жарандык коомчулуктун социалдык муктаждыгы катары аныкталууда. Себеби өлкө тандап алган демократиялык түзүлүш ар бир адамдын инсандыгын баалоо маселесин мыйзам чегинде таанып, бул түшүнүктү калктын жашоо-турмушунда өз ара мамилелешүүнүн этикети катары чейрек кылымдан бери тиричиликке аралаштырып алган соң, медициналык кызматкер менен бейтаптын ортосундагы түрдүү коммуникативдик байланыш бирин-бири туура түшүнүп, өз ара кызматташууда бири экинчисин ынандыруу менен жумушун сапаттуу өзүнө тагылган адистик жөндөмүн көрсөтүүгө милдеттүү болуп саналат. Проблема сыртынан жеңил көрүнгөнү менен ал бир катар татаал кырдаалдарды ичине ала турганын бул тармактын учурдагы абалы даана көрсөтүүдө. Тактап айтканда медицина кызматкери менен бейтаптын ортосунда мамиле бирин-бири урматтоо менен ортодо түзүлгөн кырдаалда ооруга так диагноз коюп, аны биргелешип сакайтуу маселеси биринчи кезекте экөөнүн ортосунда кептик-коммуникативдүү байланыштын туура жана ишенимдүү ык-жолдордо жүзөгө ашуусун талап кылат. Айтканга жеңил болгону менен аны ишке ашыруу медицина кызматкери менен бейтаптын ортосунда бир далай кыйынчылыктарды түзүп жатат. Ырас аны бир кырдаал менен аныктоого болбойт. Ошондой эле бир медицина кызматкеринин аракетинде баалоого да мүмкүн эмес. Ал Кыргызстандагы бардык медицина тармактары үчүн мүнөздүү көрүнүш болгондуктан, аталган багыт боюнча кесиптик билим берүүнү туура жүргүзүү менен гана маселени чечсе боло турганын белгилей кетүүгө тийишпиз.

**Изилдөөнүн методу.** Бардык тарабынан жетилип калган медициналык кесипкөй адистер кесиптик чөйрөсүнө тиешелүү көйгөйлөрдү конкуренцияга туруштук берүү максатында эл аралык деңгээлде аныкталган билимдерге таянып, же башка өлкөлөрдө иштелип чыккан дарылоо методикасын практикада эксперименттен өткөрүү аркылуу чечип алуусу мүмкүн. Бирок мындай мүмкүнчүлүк бардык эле медициналык адистердин колунда эместигин жана бейтапты талаптагыдай сапаттуу дарылоо алардын кимисинин болбосун алдында турган миссиясы экендигин эске алсак, анда жасалчу жумуштун сапатын көтөрүүчү көндүмдөрдү аталган тармак боюнча кесиптик компетенция катары жогорку жана орто адистештирилген медициналык окуу жайлардын окуу планы менен окуу дисциплиналарынын окуу материалдарынын мазмунунда үйрөтүү муктаждыгы даана байкалат. Бул азыркы кесиптик билим берүүнүн улуттук жана эл аралык концепциясына туура келет. Себеби кайсы тармакта болбосун кесиптик билимге ээ болуучу ар бир адистин кызыкчылыгын улуттук жана эл аралык талаптарга канаатандыруу жумуштарын талаптагыдай жогорку деңгээлде болушун коомдук түзүлүштү кыймылга келтирип турган рыноктук мамилелер менен ал аркылуу аныкталып жаткан конкуренцияга туруштук берүү муктаждыгы бардык билимди инсанга багыттап окутуу парадигмасында жүргүзүү керектигин айкындаган. Чынында азыркы инсандын коомдук-социалдык керектөөсү ар тараптуу жана кенен болгонунан

улам, ошондой эле ал кызыкчылыкты бардык тарабынан чечүүнүн мүмкүн эместиги тармактар боюнча билим берүүнү тээ башталгыч класстардан бери үйрөтүлүүчү дисциплинанын мазмунуна ылайык балага жеке турмушунда пайдаланууга тийиш болгон көндүмдөрдү үйрөтүүгө милдеттендире баштаган [3] болсо, ал көндүмдөргө маани-мазмундук чек коюу менен аныкталган түшүнүк дүйнөлүк билим берүүдө “компетенция” деп аталып, кайсы багытта болбосун адам баласы жашап кетүүгө кеңири шарт түзө алган көндүмдөрдү “майдалап” так атоо маселесин да чечип берди. Бир караганда жалпы түшүнүк катары көрүнгөнү менен “компетенция” кандай билим берүүдө болбосун конкреттүү көндүмдөрдүн чегин ажыратып, окуу жайлар тарабынан сөзсүз жүзөгө ашырылышы мүмкүн болгон жумуш аткарууга тикелей катышы бар эреже-нормаларды өз кучагына алды. Азыркы түрдүү көз караштагы маалыматтардын өтө кеңири тараган учурунда билим катары үйрөтүлүүчү иш-билги көндүмдөрдүн дал ушундай чектөө менен “компетенция” деп аталышы бардык тармактар боюнча болочок адистерди даярдоодо коомдук-социалдык муктаждыктан келип чыкканын айтпай коюуга болбойт.

Мунун өзү медицина тармактарына да тиешелүү болуп саналат. Демек, медицина кызматкерлерин даярдоо боюнча кесиптик билим берүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу – болочок адистердин компетенттүү болушун камсыздоо, алган билиминин потенциалын көтөрүү, дүйнөлүк медицина илиминин жетишкендиктеринен кабардар болуу, дарылоонун инновациялык методдорун өз алдынча өздөштүрүү сыяктуу маселелерди тилдик каражаттар аркылуу чечүү муктаждыгы бар экенин ачыктайт. Негизинен бул ойду бир тараптуу кабыл алууга болбойт. Ага кенен кароо зарылдыгы турса да, биз мында ошол концепцияга кесиптик билим берүүдөгү англис тилинин ордуна тиешелүү айрым жагдайдан караганы турабыз. Тактап айтканда, азыркы учурда англис тили билим берүүнүн бардык баскычтарында жаран билүүгө зарыл болгон бир нече компетенциянын өзөгүн түзүп, жөнөкөй турмуштук керектөөдөн конкреттүү адистин кесипкөйлүгүн аныктоочу критерийге чейин өсүп жетилүүчү коммуникативдик байланыштарды уюштуруучу инструменталдык компетенцияларга айланып отурат. Англис тилине болгон мындай коомдук-социалдык муктаждык инсандык керектөөнү түзүү менен бирге өз кесибинде активдүү аракетте турган жарандын кудуретин адамдык сапат катары мүнөздөп берүүчү касиеттерди жалпыга демонстрациялоочу инсандык-психологиялык компетенция катары [4] да аныкталат. Медицина кызматкерлеринин мындай компетенцияларга болгон муктаждыгы англис тилин адистиктин чегинде колдонулуучу терминдер менен жарандык байланышта керектелүүчү кептик-коммуникативдик пикир алмашуунун оозеки жана жазуу түрүндөгү текстти түзө билүүгө таандык учурларды толук жөнгө салуу моменттеринде даана байкалат. Албетте, медицина кызматкерлеринин англис тилине болгон кызыкчылыктарын талаптагыдай чечүү – аталган тилди окутуунун кесиптик билим берүүдөгү мүмкүнчүлүктөрүн турмушка ылайыктоо, анын прикладдык обьектисин социалдык абалга карата дифференциялоо, окуу жана окутуу процессинде коммуникативдик байланышты жөнгө салуучу оозеки, ошондой эле жазма кептик баяндоо речин калыптандыруунун стратегиясын түзүү муктаждыгы турат.

**Жыйынтыгы.** Биз мында татаал маселенин бир кичинекей бөлүгүн караганы турсак да бири экинчиси менен түздөн-түз байланышкан жогоркудай маселелерди дүңүнөн жалпы атап өтүүгө аргасыз болдук. Медицина кызматкерлеринин эл менен болгон коммуникативдик кызматташуусу өзүнүн эффективдүүлүгүн бериш үчүн англис тилиндеги жазма кепти уюштуруучу тексттер менен иштөө тажрыйбасын кесиптик билим берүүнүн бир бутагы катары кароо зарылдыгын өнүккөн өлкөлөр эбак эле аныктаган болсо, Кыргызстан бул багыттагы иштерди эми гана колго алып жатат. Мындай муктаждыктын Кыргызстанда бүгүн коюлуп жатышынын объективдүү себептери бар, болгону аны туура түшүнүп, азыркы коомдун талаптарына ылайык чечүү оку-

муштуулар арасында бул багытты терең изилдөөгө кеңири шарт түзсө, англис тилиндеги жазма кепти Кыргызстандыктардын керектөөсүнө ылайыктап окутуу менен өздөштүрүү диагноз коюу жана дарылоо жумуштарын жергиликтүү инсандарга туура түшүндүрүүгө жол ачат. Ошондуктан англис тилин окутуунун башка бөлүмдөрү менен бирге жазма кепке болгон коомдук-социалдык муктаждыкты туура жана эффективдүү чечүү үчүн болочок медициналык адистердин кесипкөйлүгүн иштиктүү жолго салуу - окуу системасындагы окутуу стратегиясын жаңылоо, окуу программасын жаңы технологияларга өткөрүү сыяктуу маселелер менен да түздөн-түз байланыштуу болуп саналат. Андай технологиялардын бири инанга багыттап окутуу парадигмасын ишке киргизүү муктаждыгын жаратса, экинчиси азыркы окуу стандарттары аныктап жаткан компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасында иш алып барууга милдеттендирет. Окуу программаларын ушул эки багытта жүзөгө ашыруу муктаждыгы болочок медицина кызматкерлеринин англис тилиндеги жазма кебин калыптандыруу үчүн окутуунун стратегиясына студенттердин интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн ачылышына чыгармачылык менен мамиле кылып, окуу процессинде өзүн-өзү өнүктүрүүгө, келечекте кесипкөй болушу үчүн дайыма керектелүүчү ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, адистешүүчү билгичтиктерин компетенция катары калыптандырууга мүмкүн болгон мугалимдин жөндөмдүүлүктөрүн максаттуу пайдаланууга карата түзүлгөн муктаждыктарды чечүү зарылдыгы аталган кесиптик билим берүүнүн алдында ачык бойдон турат.

**Адабияттар:**


1. Акматов Б.М. Теоретическая и практическая необходимость обосновании на компетентность предметов по кыргызской литературе в системе двух уровенного образования. / Сборник статей «Международной научно-практической конференции. Актуальные процессы формирования науки в новых условиях» - 2016. С. 88 – 92
2. Белицкая Г.Э. Социальная компетенция личности. Сознания личности в кризисном обществе. М., 1995, 23 – 49 стр.
3. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. 3-чыгарылышы. – Б.: Бийиктик, 2011, 34 – 145-беттер
4. Бермус А.Г. Проблемы и перспективы реализации компетентностного подхода в образования. / httr//www.eidos.ru/journal/2005/091-12/htm,
5. Жолдошбаева Ы.К., Болочок мугалимдерди даярдоонун айрым маселелери [Текст]/ Жолдошбаева Ы.К.,// Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. Бишкек, 2020.-№3(52).-161-б


***Рецензиялаган:***
***Иманкулов М.К.***
***педагогика илимдеринин кандидаты, доцент***